УДК 616-036.86

# ПРИОРИТЕТНЫЕ НАПРАВЛЕНИЯ РАЗВИТИЯ СИСТЕМЫ РЕАБИЛИТАЦИИ ИНВАЛИДОВ НА РЕГИОНАЛЬНОМ УРОВНЕ

***Н.Ж. Шериева***

Одной из важнейших задач общества в современных социально-экономических условиях являются государственная поддержка и социальная защита инвалидов. За последние годы сформировались основные направления социальной защиты инвалидов, ориентированные на максимально возможную интеграцию инвалидов в общество, создание системы реабилитации инвалидов на региональном уровне, формирования доступной среды жизнедеятельности, обеспечения беспрепятственного доступа к объектам социальной инфраструктуры. Приоритетными направлениями социально-экономического развития в регионе являются реализация задач по правовому обеспечению осуществления конституционных прав инвалидов на социальное обеспечение, реабилитацию, труд в показанных для инвалидов условиях, отвечающих требованиям безопасности, а также финансовое обеспечение указанных мер социальной защиты инвалидов.

*Ключевые слова:* здравоохранение; здоровье; инвалидность; социальная болезнь; рынок труда.

# АЙМАКТЫК ДЕҢГЭЭЛДЕ МАЙЫПТАРДЫ РЕАБИЛИТАЦИЯЛОО СИСТЕМАСЫН ӨНҮКТҮРҮҮНҮН АРТЫКЧЫЛЫКТУУ БАГЫТТАРЫ

***Н.Ж. Шериева***

Учурдагы социалдык-экономикалык шарттарда коомдун негизги милдеттеринин бири - майыптарга мамлекеттик колдоо көрсөтүү жана социалдык жактан коргоо эсептелет.
Акыркы жылдары майыптардын коомго аралашуусунун максималдуу мүмкүнчүлүктөрүнө, аймактык деңгээлде майыптарды реабилитациялоо системасын түзүүгө, татыктуу жашоо чөйрөсүн калыптандырууга, социалдык мекемелерге эч кандай тоскоолдуксуз кирүүгө багытталган майыптарды социалдык жактан коргоонун негизги багыттары түптөлгөн.
Аймакта социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн артыкчылыктуу багыттары болуп майыптардын социалдык жактан камсыздоого, реабилитациялоого, майыптар үчүн көрсөтүлгөн коопсуздук талаптарына жооп берген шартта эмгектенүүгө болгон конституциялык укуктарын ишке ашырууну укуктук жактан камсыз кылуу боюнча милдеттерди ишке ашыруу, ошондой эле жогоруда көрсөтүлгөн майыптарды социалдык коргоо чараларын финансылык камсыз кылуу болуп эсептелет.

*Түйүндүү сөздөр:* саламаттык сактоо; ден соолук; майыптык; социалдык оору; эмгек рыногу.

# PRIORITY AREAS FOR THE DEVELOPMENT OF A REHABILITATION SYSTEM FOR PEOPLE WITH DISABILITIES AT THE REGIONAL LEVEL

***N.Zh. Sherieva***

One of the most important tasks of society in modern socio-economic conditions is government support and social. Protection of the disabled. In recent years, the main directions of social protection of people with disabilities have been formed, focused on the maximum possible integration of people with disabilities into society, creating a rehabilitation system for people with disabilities at the regional level, creating an accessible living environment, and providing unhindered access to social infrastructure. The priority areas of socio-economic development in the region are the implementation of the tasks of legal support for the implementation of the constitutional rights of persons with disabilities to social security, rehabilitation, labor under conditions indicated for persons with disabilities that meet safety requirements, as well as financial support for these measures of social protection for people with disabilities.

*Keywords:* health care; health, disability; social disease; labor market.

Акыркы төрт жылда Кыргыз Республикасынын Ош облусундагы ар бир майып реабилитациялык курстан өтүүгө мүмкүнчүлүк алып, керектүү билимге ээ болуп, түрдүү жумуштарга жайгашышкан.

Майыптарды реабилитациялоонун жекече иштөө программасы (МРЖИП) ден соолугунан мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдары реабилитациялоодогу негизги механизм болуп саналат.

Майыптарды реабилитациялоонун жекече иштөө программасы бул, – реабилитациялоонун түрүн, формасын, көлөмүн, мөөнөтүн жана иретин камтыган, организмдин жоготулган кызматтарын компенсациялоого, калыбына келтирүүгө, белгилүү бир деңгээлде ишмердүүлүк жүргүзө алууга багытталган иш-чаралардын оптималдуу комплекси.

Майыптар үчүн жумуш орундарын түзүү, алардын эмгек рыногунда атаандаштыгын калыбына келтирип, түрдүү кесиптерге даярдаган система жана процесс – *кесиптик реабилитациялоо* деп аталат.

Пайыздык көрсөткүчү төмөн болгон натыйжаны көрсөткөн кесиптик реабилитацияны жайылтуу олуттуу маселелердин бири. Майыптарды кесиптик реабилитациялоодо эмгек ишмердүүлүктүн көптөгөн каршы келген факторлору белгилүү. Адамдардын кесиптик жарамдуулугуна болгон талаптар, паталогиялык факторлор менен мүнөздөлгөн, ден соолугунун функционалдык чектөөлөрү бар адамдардын жекече мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен каралган эмес [1].

Майыптарды ишке орноштуруу үчүн алардын жумуш – күчүнүн мүмкүнчүлүгүн билүү зарыл, башкача айтканда кесиптик – эмгек көрсөткүчтөрүн баалоо. Ушул эле учурда майып адамдар коомдогу башка жарандардай эле эмгек рыногунда атаандаштыкка туруштук бериши керек.

Ош облусунун калкты жумуш менен камсыздоо кызматы жалпы кайрылган майыптардын 26% гана иш орундарына жайгаштырат. Сунушталган бош жумуш орундарындагы айлык маянанын аздыгы жумушка орноштурууда негизги тоскоолдуктардын бири болуп эсептелет. Бул деген майыптардын көпчүлүк бөлүгү иштебейт же каршы көрсөтмөсү бар жумуштарда эмгектенет дегенди айгинелеп турат.

Кесиптик реабилитациялоо - майытуулуктун оор түрлөрүн, атайын ыңгайлаштырылган эмгек шарттарын эске алуу менен жүргүзүлүп, майыптардын ишке жайгашуусунда мекемеишканалардагы майыптар үчүн туура келген ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрүнө жараша жумуштарга орношуусу көзөмөлгө алынды.

Изилдөө мезгилдериндеги майыптардын кадимки шарттарда жумушка орношууга муктаж болгондордун саны 2015 жылдан (526 адам) 2018 жылга (752 адам) чейин көбөйгөндүгү байкалып турат.

Атайын ыңгайлашкан жумуш шарттарында иштөөгө муктаж болгон майыптардын саны 2015–2017 жылдарда 8 эсе өскөн (19 дан 156 адамга көбөйгөн), 2018 жылдан тартып 4 эсе азайган (156 дан 38 адамга азайган).

Үй жумуштарына орношууга муктаж болгон майыптардын саны 2018 жылы 16 болсо 2017 жылы 144 кө жеткен б.а 9 эсе жогорулаган. 2017 жылга салыштырганда 2018 жылы ушул эле көрсөткүч 12 эсе төмөндөгөн (144 төн 12 ге) (1-таблица).

1-таблицада көрүнүп тургандай жумушка жайгашуу боюнча жалпы кеңеш алган майыптардын ишке орношуусу изилдөөгө алынган мезгилдерде 2015 жылы (581 ден 104 тү) 17,9% дан % 2017 жылы (1045 тен 328 и) 31,4% га өсүп, 2018 жылы (811 ден 234 тү) 29,8% ды түзүп кайра төмөндөгөнү байкалып турат.

Жумушка орношууга муктаж болгон жалпы кайрылган майыптардын кадимки шарттардагы иштерге жайгашуусу 2015–2018 жылдарда 97 ден 227ге көбөйгөн, б.а. 18,4% дан 30,8% га өскөн.

2015 жылы атайын ыңгайлашкан жумуш шарттарында иштөөгө муктаждык боюнча кайрылган 19 майыптан 5 иш менен камсыз болгон. 2016 жылы 24 төн 7өө, 2017 жылы 156 дан 74 тү, 2018 жылы 38 ден 5 өө жайланышкан. Жалпысынан атайын ыңгайлашкан жумуш шарттарындагы жумуштарга орношуу боюнча кеңеш алгандар 38,9% түзгөн.

Изилденген мезгилдерде (2015–2018) майыптардын ишке орноштуруусуна жасалган сересеп боюнча I топтогу майыптардын жумуш менен камсыз болушу байкалган эмес. Жалпы II топтогу 61 майыпка кеңештер берилип алардын ичинен 7 өөсү кадимки шарттардагы,

Таблица 1 – Кыргыз Республикасынын Ош облусундагы майыптардын 2015–2018 жылдардагы ишке жайгашуусу (абс.,%)

| Жылдар | Ишке жайгаштыруу боюнча берилген кеңештер (абс.,%) | Баары (абс.,%) | Кадимки шарттарда | Ыңайлашкан жумуш шарттарын түзүү менен | Үй жумуштары |
|---|---|---|---|---|---|
| 2015 | Кеңеш алган майыптардын саны | 581 | 526 | 19 | 16 |
| | Алардын ичинен ишке жайгашканы (абс.,%) | 104 | 97 | 5 | 3 |
| | | 17,9 % | 18,4 % | 26,3 % | 18,7 % |
| 2016 | Кеңеш алган майыптардын саны | 697 | 656 | 24 | 17 |
| | Алардын ичинен ишке жайгашканы (абс.,%) | 152 | 94 | 7 | 4 |
| | | 21,8 % | 21,5 % | 29,2 % | 23,5 % |
| 2017 | Кеңеш алган майыптардын саны | 1045 | 745 | 156 | 144 |
| | Алардын ичинен ишке жайгашканы (абс.,%) | 328 | 214 | 74 | 40 |
| | | 31,4 % | 28,7 % | 47,4 % | 27,8 % |
| 2018 | Кеңеш алган майыптардын саны | 811 | 752 | 38 | 12 |
| | Алардын ичинен ишке жайгашканы (абс.,%) | 234 | 227 | 5 | 4 |
| | | 29,8 % | 30,8 % | 13,6 % | 28,6 % |
| Жалпы | Кеңеш алган майыптардын саны | 3134 | 2679 | 237 | 189 |
| | Алардын ичинен ишке жайгашканы (абс.,%) | 818 | 552 | 91 | 51 |
| | | **26,1 %** | **20,6 %** | **38,3 %** | **26,9 %** |

Таблица 2 – Кыргыз Республикасынын Ош облусундагы 2 жана 3 топтогу майыптарды кесиптик окутуу. 2015–2018 жылдары (абс., %)

| Жылдар | Кеңештер | Кесиптик окутууга берилген кеңештер | Анын ичинен өндүрүштө | Техникум-интернат-социалдык бөлүмдөр | Кесип-техникалык окуу жайлары | Атайын орто кесиптик билим берүү мекемелер | ЖОЖдор |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 2015 | Кеңеш берилгени | 100 | 18 | 21 | 47 | 9 | 5 |
| | аткарылганы | 28 | 7 | 1 | 19 | 0 | 1 |
| 2016 | Кеңеш берилгени | 163 | 27 | 16 | 56 | 52 | 12 |
| | аткарылганы | 39 | 13 | 2 | 6 | 12 | 6 |
| 2017 | Кеңеш берилгени | 113 | 9 | 22 | 27 | 38 | 17 |
| | аткарылганы | 19 | 2 | 3 | 1 | 9 | 4 |
| 2018 | Кеңеш берилгени | 49 | 5 | 20 | 12 | 9 | 3 |
| | аткарылганы | 22 | 4 | 11 | 2 | 3 | 2 |
| Жалпы | Кеңеш берилгени | 425 | 59 | 79 | 142 | 108 | 37 |
| | аткарылганы | 108 | 26 | 17 | 28 | 24 | 13 |

3 өө атайын ыңгайлашкан, 1 өө үй-шартындагы иштерге орношушкан.

*Демек, жалпысынан жумушка жайгашуу боюнча кеңеш алган майыптардын ишке орношуусу 17,8% дан 29,8%га өскөндүгү (1-таблица) кесиптик реабилитациянын натыйжалуулугун күбөлөндүрүп турат.*

Майыптарга адистештирилген кесиптик билим берүү, ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелүү жарандардын коомдун мүчөсү катары физикалык, руханий, моралдык, кесиптик мүмкүнчүлүктөрүн түптөгөн көп аспектти өзүнө камтыйт.

Майыптарга адистештирилген кесиптик билим берүү алдыга коюлган максаттарга жараша жалпы билим берүү, кесиптик билим берүүчү окуу жайларда, техникум, колледж, жогорку окуу жайларда окутулушу мүмкүн.

Кесипке кайра окутуу боюнча жалпы кеңеш алган майыптардын ичинен кесиптик кайра билим алгандарынын саны 2005–2016 жылдары 28 ден 39 га өсүп, 2017 жылы 19 га төмөндөп, 2018 жылы 22 ни түзгөн [2].

Өндүрүш шарттарында 2015 жылы 18 майыптын ичинен жетөө, 2016 жылы 27 ден 13 ү, 2017 жылы 9 дан экөө, 2018 жылы 5 тен төртөө кесипке кайра даярдоодон окутулган.

Техникум-интернат-социалдык бөлүмдөрдө кесипке кайра даярдоо 2015 жылы 21 ден бирөө болсо, 2018 жылы 20 дан 11 ге өскөн. Башкача айтканда изилденген мезгил учурунда 10 эсеге көбөйгөн.

Кесиптик – техникалык окуу жайларында 2015–2018 жылдарда майыптарды кесипке кайра даярдоо көрсөткүчү төмөндөгөнү байкалган (2-таблица). 2015 жылы 47 майыптан 19 у кесипке кайра даярдоодон өтсө, 2016 жылы 56 дан болгону алтоо өткөн, 2017 жылы 27 ден бирөө, 12 ден экөө кесипке кайра даярдоодо боюнча окутулган.

Атайын орто кесиптик билим берүү мекемелеринде 2015-2018 жыл мезгилинде жалпы кеңеш алган майыптардын кесипке кайра даярдоодон окуганы 0 дон 12 ге жеткен. 2017 жылы жалпы кеңеш алган 38 майыптан 9 у окуса, 2018 жылы 9 дан 3 өө кайра даярдоодон өткөн.

2015 жылы кесипке кайра даярдоо боюнча кеңеш алган 5 майыптын бирөө жогорку окуу жайда кайра даярдоо курсунан өткөн. 2016 жылы 12 кеңеш алган майыптан алтоо окутулуп 50% ды түзгөн. 2017 жылы ЖОЖ дордун кайра даярдоо курстарынан 17 ден төртөө, 2018 жылы 3 кеңеш алган майыптан экөө окуп кесипке ээ болушкан.

Жалпысынан изилденген 2015–2018 жылдары кесипке кайра даярдоо боюнча 425 кеңеш алган майыптардан 108 и кесипке ээ болушкан. Алардын ичинен өндүрүш шарттарында – 26, Техникум-интернат-социалдык бөлүмдөрдө – 17, Кесиптик-техникалык окуу жайларында – 28, атайын орто кесиптик билим берүү мекемелеринде – 26, жогорку окуу жайларында кесип алгандардын саны – 13.

Региондогу кесиптик реабилитациялоо кызматын түзүүдө, майыптардын кызыкчылыктарын эске алуу менен түптөлүшү зарыл. Реабилитациялык иш чараларды жүзөгө ашырууда алардын жекече муктаждыктарын эске алып, реабилитациялык системанын жеткиликтүүлүгүн камсыздаган координациялоочу кызмат региондук деңгээлде жүргүзүлүшү керек.

Ал үчүн регионалдык деңгээлде:

- майыптарды реабилитациялоого жооптуу болгон , жеткиликтүү жашоо шарттарын түзүүчү тармагында реабилитациялоочу, билим берүү мекемелерин медициналык – социалдык борборлорго айландырган органдардын жана мекемелердин ишмердүүлүктөрүн жандандыруу;
- ден соолугунан мүмкүнчүлүктөрү чектелген жарандарга жумуш орундары менен камсыз кылуудагы укуктук механизмдерди иштеп чыгуу.

Ош облусунда майыптардын саны көп болгондуктан төмөндөгү иштерди улантуу зарыл:

- майыптарды медициналык – социалдык реабилитациялоочу тармактарга реабилитациянын жаңы технологияларын киргизүү менен ишмердүүлүктөрүн бекемдеп толуктоо;
- облустагы майыптарды техникалык каражаттар менен камсыздоону улантып, реабилитациялык индустрияны күчөтүү;
- майыптарды реабилитациялоонун экономикалык жана социалдык натыйжалуулук ыкмаларын облустук деңгээлде иштеп чыгуу;

- рабилитациялык кызматтардын укуктук нормаларын иштеп чыгуу;
- майыптарды социалдык камсыздоо кызматын жакшыртуу.

Ошентип, Кыргыз Республикасынын Ош облусундагы майыптарды социалдык жактан коргоо, жашоо чөйрөнүн, эмгек шарттарынын жакшырышы, социалдык коргоо жана колдоону, майыптар үчүн татыктуу жашоо шарттарын түзүүнү түптөгөн, саламаттык сактоо системасынын инфраструктурасын өркүндөтүүнү, майыптардын жашоо сапатын, майыптарды социалдык жактан коргоочу медициналык-социалдык адистерди даярдоо, алардын квалификациясын жогорулатууну камтыган көп түрдүү иш-чаралардан түзүлүшү керек деген корутунду чыгарууга болот.

***Колдонулган адабияттар***


1. Журнал "Здоровье населения и деятельность организаций здравоохранения Кыргызской Республики" / Республиканский медико-информационный центр МЗ КР. Бишкек. 2018.
2. Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору жөнүндө" № 433 токтому. Бишкек. 2015.
3. *Трапман П.* Майыптуулук маселеси боюнча колдонмо. Бишкек, 2017.